Улуттук банк

# БИЛИМ МЕНЕН ЖАШТАРГА ЖАРДАМ БЕРИШТИ

***Кыргыз Республикасынын Улуттук банкынын кызматкерлери өткөн жумада облусубуздун Чолпон-Ата жана Каракол шаарларында көчмө лекцияларды уюштуруп, ал окуучулардын, студенттердин финансылык сабаттуулугун жогорулатуу максатын көздөдү.***

-Бул иш көптөн бери эле Улуттук банктын адистеринин көңүлүндө турган,-деп билдирет Улуттук банктын басма сөз кызматкери Айгүл Молдобекова. -Былтыр декабрдан бери көчмө лекциялар Бишкек шаарында жаңы конуштарда, окуу жайларда өтүп келди. Быйыл жыл жаңыргандан баштап аны аймактарда өткөрүп жатабыз. Учурда финансылык билимдин жоктугунан же жардылыгынан кичинекей балдар эмес, кай бир чоң адамдар да ар кандай көгөйлөргө кирептер болуп келүүдө. Ошондуктан, бул иш-чаранын максаты- аз да болсо ушул көйгөйдү мектеп партасынан жоюу аракети. Биздин лекцияга катышкан 50 баланын 10у эле биз берген маалыматты түшүнсө, жаман болбойт го деп ойлойм ,- деди ал.

Аталган иш-чара Каракол шаарында Т.Сатылганов атындагы мектеп-интернатта жана Бийбосунов атындагы педагогикалык колледжинде өтүп, ага улуттук банктын башкы башкармалыгынан негизги адистер келген экен. Маселен, юридикалык, тышкы көзөмөл жана нак акча менен иштөө башкармалыктарынан келген адистер лекцияны интерактивдик негизде балдарга жеткиликтүү болушу үчүн жөнөкөй формада, жалпак тил менен түшүндүрүүгө аракет жасашты. Банктык терминдер татаал болгондуктан, лекциялар кургак сөз менен эле эмес, ар кандай сүрөттөр менен, мультфильм түрүндө, турмуштан мисал келтирип өтүлдү. Маселен, лектор велосипед алган жакшыбы же мопед алганбы деген суроо берсе, балдар мопедди тандашты. Лектордун аны айдоо үчүн май керек, бузулса, кантип оңдойсуң деген суроолору балдарга ар тараптуу ойлонууга түрткү берди.

Бул лекцияларда лекторлор акчага кандай мамиле жасоо зарыл, аны кантип үнөмдөш керек, кантип баштапкы капиталды пландап, карыздан кантип кутулса болот деген өңдүү маселелерди үйрөтүштү.

Каракол педагогикалык колледжинин 2-курсунун студенти Жунушбек кызы Алтынай: «Жашообуздагы ар бир кыймылыбыз финансы маселелерине байланыштуу. Азыр экономикасыз жашоо жок. Андыктан, Улуттук банк уюштурган лекциялар мага абдан жакты жана кызыктуу экенин айткым келет. Бүгүн мен акчаны кандай үнөмдөө керек, ак эмгек менен кантип акча тапса болот, деги эле, акча кайдан келет деген суроолорго жооп алдым. Жыйынтыгында, акчага кандай мамиле кылсаң, жашоондо сага акча ошондой келет дегенди түшүндүм",-дейт.

Ал эми Улуттук банктын юридикалык башкармалыгынын адиси Бообеков Эмир: «Мен бүгүнкү лекциямда депозит, кредит, бантык кард жөнүндө, деги эле финансылык бир чечимге келе турган убакта кандай ойлонуп пландоо керектигин айтып бердим. Кредит алуу учурда биздин коомдогу чоң көгөй болгондуктан, балдар ал жөнүндө жакындан билишет экен. Андыктан, суроолор ошол тууралу арбын берилип, алар бизден «Кантип кредит алса болот?», «Депозит ачканга акым барбы?»,- деп сурап жатат деп билдирди.



Бул лекциялар Президент А.Атамбаевдин жарлыгы менен жарыяланган быйылкы улуттук экономиканы чыңдоо жылына шайкеш келет деп айтсам туура болор. Учурда карапайым эл ичинде каржыны табуу, аны пайдалануу боюнча көп кемчилик болууда. Элибиздин арасында кредитке той өткөргөндөр, кредит акча алып, максатсыз колдонуп, андан кутула албай жүргөндөр көп. Кай бири жеке ишкерликти өнүктүрө албай, утулуп калган учурлар да бар. Айтор, бул иш жаштар үчүн пайдалуу болду. Бирок, тилекке каршы, кай бир мекемелер бул көчмө лекцияларды туура түшүнбөй жатышат,-дешет лекторлор. Алар «Бул сабактар Улуттук банкка караганда коомго зарыл болуп турат» деп терең ишенишет.

**Жумагүл БАРКТАБАСОВА,**
**«Ысык-Көл кабарлары»**